**Кызыл-Кыя жалпы билим беруу орто мектебинин**

**2022-2023-окуу жылындагы физика мугалими**

**Сарбагышева Динара**

**Анализ**

Окуу жылдын сентябрь айында календардык жана кружоктун планды түзүп ,бекитирип ошол боюнча сабак өтүп баштадым.Талаттуу жөндөмдүү окуучулар менен план тузуп бектирип ошол боюнча иш алып барып баштадым .Жумасына бир жолу кружок өтүп жаттым .5-класска табият таануу сабагынан жаны китеп келди ошол менен сабак өтүп атым ,сабагымда жаны технологияларды колдонуп окуучуларды кызыктырып өтүүгө аракет кылдым .Лабараториялык ишти ар бир класста өзунчө дептер ачылган ошол дептерге берилген тапшырмаларды окуучулар аткарып берип атышты .Олимпиадага 9-класстын окуучусу Рысбеков Эрсен катышып келди .9-класска жана 10-класска ачык сабак өттүм.Илим жана техника жумалыгы боюнча интелектуалдуу марафонго катышып жыйынтыгында 11-класстын окуучусу 2-орунга ээ болуп келди .(9-класстын окуучусу Шерипов Жандос сурөт тартуу боюнча женишке жетти .Шерипов Эдил таш чогулткан машина жасап жеңишке жетти .Чейректтик тестерди жана лабараториялык иштерди убагында алдым .Берилген тапшырмаларды убагында аткарып турам

**Кызыл-Кыя жалпы билим беруу орто мектебинин**

**2022-2023-окуу жылындагы дене тарбия мугалими**

**Кемел уулу Табылды**

**Анализ**

Окуу жылдын сентябрь айында календардык жана кружоктун планды түзүп ,бекитирип ошол боюнча сабак өтүп баштадым.Дене тарбия сабагынан бошотулган окуучулардын тизмегин тактап справкаларын толуктадым . Жумасына эки жолу кружок өтүп атым .Ноябрь айында Каркол шаарындагы шахмат боюнча турнирге окуучулар катышып ,Эсенаев нурэл экинчи орунга ээ болду .Республикалык “Мектеп лигасы ” ачылып ага каталып ,футбол боюнча аймактык мелдешке барып10-11-класстын окуучуалы 1-орунга

ээ болушту.Жыйынтыгында Мектеп лигасынын боюнча раййондук турга катышыып 3-орунга ээ болдук .Мектеп лигасынын шахматына катышыып аймактан 1-2-орунга ээ болуп ,райондук турдан 2-орунду 6-класстын ькуучусы Догдурбаева Арина облустук турга жолдомо алып облустан 4-орунду жана акчалай сыйлыкка ээ болду. Жумасына төрт саат кружок өттүм **.** Жаш милиция конкурсуна аймактык кароо сынакка катышып ,3-орунга ээ болдук келдик .Райондук Кызыл Ай коому уюштурган зарницага жигердүү катышып келдик .Дене тарбия боюнча баардык нормативдерди алып бутум . Жыл аягында 9-11-класстын окуучуларынан нормативдер алынып окуучулар экзаменге кирүүгө мүнкүнчүлүк алышты .

**Түзгөн :Кемел уулу Табылды**

**Кызыл-Кыя жалпы орто билим берүү мектебинин**

**2022-2023-окуу жылындагы география мугалими**

**Джилкибаева Миржандын**

**Анализи**

Окуу жылдын сентябрь айында таланттуу-жөндөмдүү окуучулар менен иштөөнүн планын,кружоктун жана календардык планды түзүп ,бекитирип ошол боюнча сабак өтүп баштадым.6-класска К.К.Джунушалиева ,Р.А.Мырзаева жаны стандарттагы китеп келген ошол боюнча отуп баштадым .Калган класстарга мурунку киетептер менен оттум :7-класска М.Кадыракулов ,З.Алиев,8-класска А.О.Осмонов 9-класска Ө.Бараталиев ,Н.Алымкулова,10-класска А.О.Осмонов ,Т.М.Чодураев,11-класска А.Осмонов ,Н.Бакиров ушул китептер менен сабак өтүп атым. 6-класстын окуучусу Иманкулов Турарга жеңилдетилген тапшырманын планын түзүп, бекитирип,ал окуучуга ошол боюнча сабак өттүм.Октябрь айында, 27-ноябрда “Кыз ала качуу кымышпы ” деген темада 8-11 класстар арасында тегерек стол өттум ,ага мектеп мугалимдери жана айыл имамы Рыскулов Болот ава жана Мамыкеев Кыштобай ава келип катышып оз ойлорун айтып окуучуларга тушундуруп беришти .6-11 класстардан 1-чейректин негизинде окуучулардан электрондук “my test” алдым .Ноябрь айында мектеп ичинде олимпиадалык иштерди алып аймактык олиппиядага барчу окуучуларды аныктадым.Ал окуучулар менен олимпиадага даярдандык. 6-декабрда 7-класска “Атлантика океан ” деген темада ачык сабак оттум. Ачык сабакта ар кандай интерактивдуу ыкмаларды колдонуп,окуучулар сабакка активдуу катышышты,сабак максатына жетти. 17.12.2022-25.12.2023-ж чейин география жумалыгы болуп өттү .1-жумасында окуучулар даярдык көрүшүп,2-жумасында окуучуларга берилген тапшырмаларды аткарышты . 6-11-класстар арасында дубал газеталар чыгарылды жана ар кандай дүйнөдөгү кызыктуу маалыматарды

табышты.Дубал газеталар жонундо айта кетсем 6-класс жер шарын жана дуйнонун картасын,7 класс биосфераны, 8 класс Кыргызстандын картасын,9 класс глобустун суротун, 10 класс жарым шарлардын картасын ,11 класс суунун айланышын тартышты,бардык класстардын дубал газеталары жакшы тартылган бирок алардын ичинен эн мыктысы 8 класстын дубал газетасы мыкты деп табылды .21,12,2018- жылы 9-класска «Жалал Абад » деген темада ачык сабак өттүм. Ачык сабакта окуучулар активдуу катышып,сабак максатына жетти . Жуманын жыйынтыгында «Акыл ордо » аттуу таймаш болду . 2-чейректик тесттерди жана электрондук “my test” алдым .Сабагымда карта ,слайд жана жаны ыкмадагы методдорду колдонуп отуп жатым.Берилген тапшырмаларды өз убагында аткарып атым .

8-класстын класс жетекчиси болом,8-класс менен иш алып барып атым,жыл башында бир окуучу кыз жана эркек бала классыма келди ,бир окуучу кыз башка шаарга окуганга ата –энесинин жумушуна байланыштуу башка шаарга окууга кетти .Классымда сабакка келбеген окуучулар жана тентек кылган окуучулар менен иш алып бардым .Декабрь айында Жаш жаратман конкурсуна чычырканак ашы жөнундө изилдөө ишин жүргузүп ,райондук конкурска катышып республикага жолдомо алып мен жасаган доклад кетти .

Май айында Манас айттуу боюнча райондук турга катыштым .

**2022-2023-окуу жылында химия,биология мугалими Байтыкова Гүлбаранын жылдык анализи**.

2022-2023-окуу жылында алгач календарлык тематикалык пландар менен алек болуп жылдык кылып түзүп,бекиттирдим. Таланттуу –жөндөмдүү окуучулар менен сабак учурунда пландын негизинде иш алып барылды. “Акылдуу Менделеев”ийрими жуманын 3 күнү өтүлүп жатты. Бул ийримде ондон ашык окуучу катышышты.Химия ийриминен окуучуларга колдон келишинче демонстрациялуу кылып өткөнгө аракет кылдым.Себеби окуучулар практикалык иштерди жасоодо чындыгында кызыгышат.Химия сабагы жумасына 8-11-класстарда 2сааттан 8 саат жана биология 6-9-класстарда 2 сааттан ал эми 10-11-класстарда 1 сааттан болуп 10 саат,ошондо 18 сааттык жүктөм менен иштеп жатам.Журналдарды убагында толтуруп,ошону менен бирге электрондук мектепти да четке калтырган жокмун.Мен биолог мугалим болгондуктан “СПИДди алдын алуу”, “Сарыктан сактан”, “Кургак учукка каршыбыз ”, “Бруцеллоздун алдын алуу гигиенасы”, “ Жаман адаттардан арылуу, насвай,тамеки,алкоголдон алыс болуу”,“Эхинококкоз жугуштуу дарт” деген ден соолукка байланыштуу тарбиялык сааттарды 10-класс менен биргеликте өттүм.Март айында “Пиза тест”боюнча окууга бардык.9-класс менен “Металлдар” деген жана 8-класс менен “Суу жана анын касиеттери”-деген темада СТЕМ багытындагы сабактар өтүлдү.Химия жана

биология жумалыктарын өтүп жатабыз.Келерки жылга эң биринчи максатым бул олимпиадага окуучуларда жакшы деңгээлде даярдап,орун камсыз кылуу.

***2022-2023-окуу жылына карата Кызыл-Кыя жалпы орто билим берүү мектебинин математика мугалими Маратбекова Айгеримдин жылдыкка карата анализи***

***Календарлык план боюнча сабактар өз убагында өтүлүп жатты.***

***Мектеп администрация тарабынан берилген тапшырмаларды өз убагында аткарууга аракет кылып жаттым.Ар бир сабакта интерактивдүү,жаңы ыкмаларды колдонууга аракет кылып жаттым. Математика жумалык өттүк.Жумалыкты атайын түзүлгөн план боюнча өттүк. Жуманын аягында 5-11-класстын окуучулардын арасында***

***«Акыл ордо»интерактивдүү сынагы менен жумалыкты жыйынтыктадык.***

***Кырдаалга байланыштуу 16-декабрдан баштап аралыкта окутуу болду.План боюнча сабактар өтүлүп жатты.Сабакты телеграмм,ватсап аркылуу өттүм жаттым.Онлайн окуутуда көптөгөн кыйынчылыктар болуп жатты.Кээ бир окуучунун өзүнүн телефону болсо,окуучунун көбү ата-энесинин телефону менен кирип жатышты,көп балалуу үй-бүлөлөрдө көп кыйынчылык болду жана бирдик жок кире албай жатышты.Сабакты «Миит»программасы менен да өттүк.Аткарган аракеттерине жараша баа коюп чейрек чыгардык.Кырдаалга байланыштуу жаңы жылдык балатыга тыюу салынгандыктан 5а-класска түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп,ата-энелер чогулушун онлайн форматта өтүлдү.PIZA 2025 ке даярдануу максатында мугалимдер топторго бөлүнүп пиза тесттерден түзүп, окуучулардан пиза тесттерди алып жаттык.Сабакта STEM STEAMди колдонуп өтүүгө аракет кылып жаттык .11-класс менен ЖРТга даярдоо жана экзаменге консултацияны убагында өттүп жаттым. Мектепте коомдук иштерге классымды активдүү катыштырууга аракет кылып жаттым.***

**2022-2023-окуу жылына карата Кызыл-Кыя жалпы орто билим берүү мектебинин технология,көркөм өнөр, мугалими Жанбосунова Элмирадан жылдыкка карата анализ**

Окуу жылынын башында календарлык планды бекиттирип ошол боюнча сабагымды өтүп баштадым.Талантуу жөндөмдүү окуучулар ,кружоктун пландарын бекиттирип,өз убагында өтүлүп жатты.6-класстын класс жетекчиси болгондуктан сентябрь айында балдарга китептерин алып берип .класстык журналдар ,класстык бурчтар иштелип чыкты.Райондон

келген иш-чараларга ,мектеп арасында өткөрүлгөн иш-чараларга катыштык.Ата-энелер чогулуштарын,класстын ата-энелер коммитетинин ,класс активдеринин чогулуштарын өткөрүп жаттым.Жыл ичинде 3-класстын окуучулары менен «Менин сүйүктүү жаныбарым»деген темада сүрөт сабагынан ачык сабак өттүм.Сабакта интерактивдүү методдорду колдонуп талапка ылайык сабак өттүм деп ойлойм.Ушундай эле сабакты 6-класстын окуучулары менен «Аппалар учун майрамдык белектер»темасы боюнча ачык сабак өттүм.Жыл ичинде мугалимдердин сабактарына катышып тажрыйба алмашуулар болуп жатты.Октябрь айында «Берекелүү алтын куз»темасында тарбиялык саат өттүм.Райондо өткөрүлгөн иш-чараларга катыштым «Мен Кыргызстандык экениме сыймыктанам»конкурстан Осмонов Жолдошбек жигердүү катышкандыгы учун грамотага ээ болду.Кол өнөрчүлүк боюнча райондук турда Мыктыбекова Айсанат катышты 1-орунга ээ болду жумшак оюнчук жасоо боюнча.Жаны –Жылда «Креативдуу аяз ата»конкурсуна даярданып пандемияга байланыштуу мектеп арасында өп катүлүп калды.21-февраль «Эл аралык эне тил»күнүнө карата райондук сынакка казак улутунун улуттук тамак –аштарын жасап барып катышып келдик.Ал эми мектеп арасында сынакка классым менен  Өзбек улутуунун каада –салттарын көргөзүп бердик.9-майга карата Улуу Жеништин 78-жылдыгына карата сүрөттөр конкурска катыштык.Интеллектуал боюнча « Келечектеги Кыргыстан»темасы боюнча сүрөт тартып Шерипов Жандос 2-орун алды.Байлык банк уюштурган «Менин биринчи миллионум»темасында сүрөтт  конкурска катыштык.6-класстарды «Кут билим» «Кыргыз Турк»лицейине кошуна мектептерге алып барып келдим.Соц педогогдун тапшырмасы боюнча «Мен канткенде тартиптуу окуучу болом»тарбиялык саат өттүм.Бирикме менен бөлүнгөн чогулуш,семинарларга катыштым.Район уюштурган  «Туура тамактануу» боюнча семинарга катышып ,мектептен балдарга сабаккарды өттүк.Район тарабынан уюшулган 1000 манасчы «Манас айтуу»конкурсуна катышып республика боюнча 2-орун алгандыгыбыз мени кубандырды.Жыл аягында ,чейрек сайын отчётторду өз убагында тапшырып турдум.Окуучулар китептерин толук ,таза өткөрүп беришти.

[Жылдык анализ]